
# 20.03.2025

**Кыз-жигит оюну «Сармерден 2025»**



















Кыргыз Республикасынын Президентинин «Инсанды руханий – адеп – ахлактык жактан өнүктүрүү жана дене тарбиясы», «Улуттук нарк» жөнүндө жарлыктарын ишке ашырууда, “Нооруз” майрамына карата С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Ж. Саалаев атындагы илимий китепканасы тарабынан уюштурулган “Сармерден - 2025” кыз-жигиттер айтышы 2025-жылдын 20-мартында болуп өттү. Илимий китепкананын директору Г. Кыдыралиева, бул таймаш буга чейин Агрардык техникалык-экономикалык жана К. Мамбетакунов атындагы Педагогикалык колледждин студенттеринин арасында болуп өткөнүн белгиледи. Ал эми бүгүнкү таймаш Агрардык-техникалык факультеттин уландары жана Педагогикалык факультеттин кыздары арасында уюштурулду. Жобого ылайык катышуучулар 10 бөлүктөн турган тапшырмалар боюнча ат салышты. Алар: саламдашуу, ыр жанры боюнча тамашалуу ыр, элдик ыр, макал-лакап, жаңылмач, ак ийнек айтышуу, кыргыздын каада-салтын көрсөтүү менен иш чараны шаңга бөлөдү.

Калыстар тобунун мүчөлөрү: Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти С. Көгөева, Ж. Баласагын атындагы Улуттук университеттин Нарындагы филиалынын жетекчиси С. Иманалиев жана Педагогика колледжинин директорунун орун басары Б. Сыдыгалиева эки команданын таймашын калыстык менен карап беришти. Жыйынтыгында Педагогика факультетинин кыздары 1-орунга суурулуп чыкты. Уландар командасы да кем калышкан жок.

НМУнун ректорунун милдетин аткаруучу Э. Саргашкаев өз сөзүндө студенттерди ар дайым окууда да, коомдук иштерде да активдүү болууга чакырды. Жеңүүчүлөргө баалуу сыйлыктарды жана дипломдорду тапшырды. Ыраазычылык каттар берилди. Илимий китепкана тарабынан кызыктыруучу сыйлыктар берилди. Кийинки кезек экономика факультетинин уландары жана филология факультетинин кыздарына узатылды. Сармерден оюну кызыктуу өтүп, улуттук баалуулуктарды сактоо жана студенттерди маданий жактан өнүктүрүү болгон максатына жетти.
Урматтуу катталуучулар жана окуу – жайдын жалпы жамааты, студенттер! Келе жаткан Нооруз майрамыңыздар кут болсун! Орозоңуздар кабыл болсун! Табият жаңылангандай ар бириңиздердин жан дүйнөңүздөр жаңылансын, аруулансын!

Урматтоо менен Илимий китепкананын жамааты.


**23-апрель 2025-ж. “Бүткүл дүйнөлүк китеп жана автордук укук” күнүнө, Улуу Жеңиштин 80 жылдыгына карата “Китеп-билим, Жеңиш Эрдик” атту жолугушуу кечеси**







ЫРААЗЫЧЫЛЫК КАТ




ЗАЛКАРЛАР ЖАШАГАН
Китеп-билим булагы, китеп-тарбия булагы,
китеп-маданият булагы.
НМУ илимий китепкана
Scientific library of





НМУнун Ж. Саалаев атындагы Илимий китепканасында, 23-апрель “Бүткүл дүйнөлүк китеп жана автордук укук” күнүнө, Улуу Жеңиштин 80 жылдыгына карата “Китеп-билим, Жеңиш Эрдик” атту жолугушуу кечеси болуп өттү. Жолугушууда илимий китепкананын мүдүрү Г.А.Кыдыралиева өз сөзүндө негизги максат жаштарды китеп окууга үндөө, китеп окууну алга жылдыруу ошондой эле Улуу Ата - Мекендик согуштагы ата бабаларыбыздын каармандыгын, энелердин, ар бир жаш баланын салымдарын айтып, биздин милдет кийинки муунга тарыхты сактап, өткөрүп берүү деп белгиледи. Бул жолугушууда китептин мааниси, маанызы, таасири тууралуу жана Улуу Жеңиш жөнүндө көркөм окууларга, баяндамаларга , китеп жөнүндө кызыктуу фактыларды камтыган слайдга, китеп көргөзмөгө орун берилди. 4 жылга созулган эң оор, эң кайгылуу, эң көп жоготууга алып келген Улуу Ата Мекендик согушта Кыргызстандан 360 миңдей кыргызстандык катышкан. Нарын облусунан Асанов Дайыр 1943-жылы, 1944 - жылы Чортеков Анварбек Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болушкан.

Согуш талаасында калемин курчуткан, биздин баатыр, согуш ардагери Тянь-Шянь кулуну Эгемберди Бекжанов. Баатырыбыздын өмүрүн небереси Нарын жаштар Ордосунун негиздөөчүсү Ж. Б. Эгембердиев чоң атасынын басып өткөн жолу жөнүндө таасирдүү окуяларды, согуш тааласындагы эрдиктери тууралуу студенттерге баяндады. Ошондой эле чоң атасынын калемине таандык ырларды Нарын Жаштар Ордосунун алдындагы, “Ак Жүрөк” ыктыярчылары көркөм окуп беришти. Алдыда Эгемберди Бекжановдун китеби жарыкка чыгарын белгиледи.

Нарын шаарынын №8 А. Буйлаш уулу атындагы орто мектептин окуучулары кечени музыкалык жактан шаңга бөлөп, согуш убагындагы ырларды аткарышты . Жыйынтыгында Нарын Жаштар Ордосунун негиздөөчүсүнө жана ыктыярчыларына, активдүү катышкан студенттерге ыраазычылык каттар жана чакан белектер тапшырылды.

Китептин жана Улуу Жеңиштин баалуулугун түшүнүп, аларды урматтап, келечек муундарга баалуу мурасты өткөрүп берели. Жеңиш бизди биримдикке чакырат, ал эми китептер биздин билимге болгон жолду ачат. Кече Илимий китепканасы жана Нарын Жаштар Ордосу менен биргеликте өткөрүлдү.

# 03.12.2025-ж. «Жараткандын өзгөчө белеги»













3-декабрда С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Ж.Саалаев атындагы илимий китепканасында “Эл аралык майыптар” күнүнө карата чыгармачыл студенттер

арасында поэзия кечеси өткөрүлдү. НМУнун филология факультетинин студенти Каныбек уулу Кутмандын “Өзгөрүү” китебиндеги жана жарыкка чыга элек ырлары окулду. Кутмандын жүрөгүн жарып чыгып жаралган ырлары башка студенттерге өзгөчө таасир берди. Китепкана кызматкерлери, окутуучулар да автордун ырларына таасирленип көркөм окушту. Бул кече студенттерди адабият дүйнөсүнө тартып, поэзияга болгон кызыгууларын арттырып, студент акындарды колдоп жана чыгармачыл ой жүгүртүүсүнө түрткү берди. Кутманга илимий китепкананын жамаатынын атынан белектер тапшырылды. Автордун китеби китепкананын китеп фондусунан орун алды. Ал өз окурмандарын табат деген ишеничтебиз.

Кутман калемиң курчуй берсин!

## 12.12.2025-ж.«Өмүр өтөт, ыр калат,

## Өчпөс болуп ыр жанат…»



















12.12.2025-жылы С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Ж.Саалаев атындагы илимий китепканасында «Улуттук адабият » күнүнө карата “Армандуу тагдыр, улуу поэзия ” аттуу студенттер арасында кыргыз поэзиясынын жылдызы, жүрөктүн акыны – Алыкул Осмоновдун чыгармачылыгына арналган көркөм окуу кечеси болуп өттү. Алыкул — сүйүүнүн, кусалыктын, өмүрдүн сырларын жүрөк менен туюп, аны элге таза, тунук поэзия кылып жеткирген акын. Бул маданий иш чарада акын тууралуу слайд көрсөтүлдү, акындын сөзүнө жазылган обондуу ырлар угулду. “Улуттун руханий жүзү-адабият” аттуу китеп

көргөзмө уюштурулду. Бардыгы сынакка 21 студент катышып, автордун мекен, сүйүү, табият, сулуулук жана башка тематикадагы ырларынан көркөм окушту. Калыстар тобунун жыйынтыгы менен 1-орунду Максатбекова К. агрардык –техникалык факультет, 2-орунду Кубанычбеков Б., агрардык –техникалык факультет, 3-орунду Дүйшөналиева Т., агрардык техникалык-экономикалык колледждин студенттери камсыз кылды. Ыраазычылык каттар Исабек к. М., педагогикалык колледж, Суранова А., педагогикалык колледж, Калыгулиева Ж., педагогика факультетинин студенттерине тапшырылды. Кызыктыруучу сыйлыктар менен Чойбекова А., педагогика факультети, Канатбек у.А. филология факультетинин студенттери сыйланды. Ошондой эле бардык катышуучуларга белектер берилди.

Жыйынтыгында Илимий китепкананын директору Кыдыралиева Гүлзат Алмамбетовна студенттерди китеп окууга чакырды:, -“Китеп — келечекти кеңейтүүчү күч. Ар бир барак — жаңы ой, жаңы мүмкүнчүлүк, жаңы дүйнө.Келгиле, бош убактыбызды пайдалуу өткөрүп, ой жүгүртүүбүздү байытып, келечегибизди бекемдейли!”

## 21.03.2024-ж.УЛУУ МУУНДАН УЮТКУЛУУ САРМЕРДЕН




19.03.2024 13:01


ГРАМОТА
19.03.2024 16:01


19.03.2024 14:13


ГРАМОТА
19.03.2024 16:02








УЛУУ МУУНДАН УЮТКУЛУУ САРМЕРДЕН

Көрөрмандардын кызыгуусун арттырган кыз-жигит оюну студенттердин катышуусунда өттү. Нарын педагогикалык колледжинин кымча белдүү, таланттуу кыздары менен Нарын агрардык-экономикалык колледжинин камчыга сап жигиттери ат салышты.

"Сармерден" оюну байыртадан келе жаткандыктан анын тамыры да, мааниси да терең... Кыргызда кылымдардан эле бойго жетип турган кыз-жигит сармерденден оюн курушуп, бири-биринин өнөрүн, кыял-жоругун сынап, эби менен тамашага салышып, шакылдаган шайыр жеңе менен эптүү жигит эрке бала баарын жайгарып, оюнду кызытып, жөнгө салып турушкан.

Бүгүнкү ыр майрамда тамашалуу ырлар жаңырып, улуттук аспапта кол ойнотуп, макал-ылакап, жаңылмач айтышып, акыйнекти көркүнө чыгара аткарышты.

Бүйүр кызыткан кыз-жигит оюну "Сармерден" мамлекет башчынын "Улуттук нарк" жөнүндө" жарлыгынын алкагында жана 21-март- "Нооруз" майрамына карата НМУ жана Ж.Саалаев атындагы китепкананын демилгеси менен уюштурулду.

Максаты студенттердин башын бириктирип, кыргыздын нарк-насилин, улуттук каада-салты менен салттуу маданиятын даңазалап, унутта калган ыр-күүсүн жайылтуу.

Сармердендин соңунда калыстар тобунун чечими менен НПКнын кыздары 1-орунга, АТЭКтин жигиттери 2-орунга ээ болуп, баалуу сыйлыктар жана белектер менен сыйланышты

# 9-февраль 2024ж. "Үмүт шооласы" 3 жашта






**«Үмүт шооласы» – 3 жашта!**

Уюмдун үч жылдык мааракесине карата Ж.Саалаев атындагы Илимий китепкана менен биргеликте «Берген кол, алган колдон жогору» аттуу таасирдүү жана мазмундуу иш-чара өткөрдүк. Бул иш-чара өзгөчө жылуу маанайда, жогорку деңгээлде уюштурулуп, катышуучуларга жакшы таасир калтырды.

Иш-чаранын ийгиликтүү өтүшүнө чоң салым кошкон Ж.Саалаев атындагы илимий китепкананын жалпы жамаатына терең ыраазычылык билдиребиз. Айрыкча Гульзат Алманбетова эжеге өзгөчө ыраазычылык айтабыз. Анын колдоосу жана көмөгү менен мааракелик кечебиз мазмундуу жана жогорку деңгээлде өттү.

Мындан ары да арабыз жакшы адамдарга толуп, биргелешкен иш-аракеттерибиз улансын! «Үмүт шооласы» уюмунун жарыгы мындан ары да жаркырап күйө берсин!

**Тема.: “Сезимдердин тун булагы китеп деген, жан дүйнөнү байыталы ырлар менен”**

**25 апрель 2023ж.**

Бүткүл дүйнөлүк китеп жана автордук укук күнүнө карата НМУнун Ж. Саалаев атындагы илимий китепканасында адабий музыкалык поэзия кечеси болуп өттү. Кечеде НМУнун окутуучулары Б.М. Биймурсаеванын жана Р.К. Саркелдееванын чыгармачылыгы чагылдырылды. Алардын калемине таандык ырларынан көркөм окуу жана сөздөрүнө жазылган обондуу ырлар жаңырды. Акын эжекелерибиз сүйүү, ата-эне, туулган жер тууралуу ырларын окуп беришти. Ошондой эле экинчи бөлүктө С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетине караштуу Педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кесиптик кайра даярдоо борборуна келген кыргыз тили жана адабияты курсунун угуучулары студенттерди китеп үндөөгө, китепке болгон кызыгуусун арттырууда китеп жөнүндө ой толгоолорун ортого салды. Нарын шаарындагы №8 Арстанбек Буйлаш уулу атындагы орто мектебинин 11-классынын окуучусу Иличбек кызы Назик “Китептин арманы” монологу менен катышуучуларга чоң таасир калтырды. 2022-2023-окуу жылынын жыйынтыгы менен “Китепкөй окурман”, “Китепкөй окурман окутуучу”, “Китепкананын досу”, “Мыкты окурман” номинациясынын жеңүүчүлөрү сыйланды. Китепканага китептер белекке берилди. Акындарга университет жетекчилиги тарабынан ыраазычылык каттар тапшырылды. Илим жана өнүктүрүү боюнча проректору Адилет Сүйүндүкович, Мамлекеттик тил жана жаштар саясаты боюнча проректор Эсен Абдраевич, илимий китепкананын директору Гүлзат Алмамбетовна азыркы күндөгү эң баалуу кенч болгон китепти артык баалап, китептин досу, сырдашы болуусун баса белгилешти. Ошондой эле китепканачылар тарабынан “Китеп окурманын издейт” аталышындагы китеп көргөзмө уюштурулду.




Окуу – билим адамдын,
өмүрлүккө азыгы.




Окуу – билим адамдын,
өмүрлүккө азыгы.













# Конституция мамлекетибиздин баш мыйзамы

## 19 апрель 2023 ж.

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Ж.Саалаев атындагы илимий китепканасынын №1,2 окуу залдарында КРнын Конституциясынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына карата студенттер менен тегерек-стол маектери өттү. Маектерге Нарын облусунун юстиция башкармалыгынын начальниги Х. А. Шералиев, КРнын акыйкатчысынын Нарын облусу боюнча ыйгарым укутуу өкүлү Н. Т. Андабеков катышып, Конституциянын маани-мазмуну туурасында кеңири маалыматтарды беришти. Студенттер өздөрүн кызыктырган бир катар суроолорго жоопторду алышты. Китепкананын директору Г. А. Кыдыралиева маектин негизги максаты студенттерге КРнын Конституциясы боюнча терең маалымат берүү менен, жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо экендигин

баса белгилеп айтты. НМУнун ректору Э. М. Байбагышов, илим жана өнүктүрүү боюнча проректор А. С. Жантаев да куттуктоолорун билдирип, студенттерге ар бир адам өзүнүн укуктары менен катар милдеттерин да так билип, аткарыш керек деген ойлорун ортого салышты Конституция боюнча көрмө-ролик көрсөтүлүп, суроо-жооп викторинасы уюштурулду. Жеңүүчүлөргө китепканачылар тарабынан белектер ыйгарылды. НМУнун жетекчилиги тарабынан келген меймандарга ыраазычылык билдирилди.









**Белек - көңүлдүн ачкычы,**

**маанайдын жакшысы! 24-февраль 2024ж.**

2023-жылы 24-февралда НМУнун Ж. Саалаев атындагы илимий китепканасында акын, юрист Жедигер Саалаев өзүнүн калемине таандык "Адам пенде жер энеге таазим эт!" жаңы китебин жана башка китептерди белекке тапшырды.
Акын окуу жайдын ректору Э.М. Байбагышов , проректору А.С.Жантаев менен жолугушуп , студенттер менен дагы баарлашты ошондой эле Билимин жогорулатууга келген Нарын облусунун кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин "Эл аралык эне тил" күнүнө карата өткөргөн иш чарасына да катышты. Ал жолугушууда акын эне тил, мекен жана дагы башка ырларынан көркөм окуп берди.
Урматтуу Жедигер Ибраимович! НМУнун жетекчилигинин, жалпы жамааттын жана студенттердин атынан терең ыраазычылык билдиребиз. Сыясы кургай элек жаңы китебиңиз өз окурмандарын табат деген ишеничтебиз. Сизге мындан ары да чыгармачылык ийгиликтерди каалайбыз.















**20- февраль 2023ж.**

22-февраль "Эл аралык эне тил кұнүнө "карата Гүлбүбү Байбугуеванын "Жолуккан кандай жакшы" китебинин бет ачары болуп өттү.
Кечеге окутуучулар, студенттер, маданият тармагынын өкүлдөрү, акындын калемдештери жана жакшы санаалаштары катышты.
Акындын ырларынан студенттер, окутуучулар көркөм окушту. Ошондой эле обондуу ырлары да орун алды.
Поэзия кеченин негизги максаты көркөм окуунун кооздугун көрсөтүү менен, жаштарды китепти сүйүүгө үйрөтүү, о.э.китеп окууну биринчи муктаждыкка,жүрөктүн, акыл эстин зарыл азыгына айлантып, жаштар өз Мекенинин абийирдүү жараны, рухий жактан бай инсан болуп калыптанышына көмөк көрсөтүү болду.
Поэзия сүйүүчүлөр көптөгөн суроолорду берип, сунуш тилектерин билдиришти. НМУнун жетекчилиги тарабынан жердеш акын эжекебизге ыраазычылык кат тапшырылды.Акын илимий китепкананын китеп фондусуна ыр жыйнактарын белек кылды. Кече акындын сөзүнө жазылган "Жолуккан кандай жакшы " обондуу ыры менен жыйынтыкталды.
















«Кыргыз
тилим-көөнөрбос
дилим»





















келечеги жок.
күч.
Билим берүүнүн очогу бай
болсо натыйжа болот.